| _______ (Документтин шифри) | Ош мамлекеттик университети |
| --- | --- |
| ____ (Беттин саны) | **САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** |
| _______ (Бекитилген датасы) | **“Студенттин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө жобо** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г.Кожобеков

____________________

____________________

**“Студенттердин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө ЖОБО**

2024-жыл

| _______ (Шифр документа) | Ошский государственный университет |
| --- | --- |
| ____ (Количество страниц) | **ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА** |
| _______ (Дата утверждения) | **Положение о «Мониторинге удовлетворенности студента условиями обучения и получением образования в ОшГУ»** |

УТВЕРЖДАЮ
Ректор ОшГУ
Кожобеков К.Г.

____________________

____________________

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**о «Мониторинге удовлетворенности студента условиями обучения и получением образования в ОшГУ»**

2024 год

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | “Студенттин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Түзүүчүлөр | 1. Артыкова Жылдыз Абдисаламовна – ОшМУнун билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинин директору;<br>2. Мапаева Нуржамал Абдилажановна– ОшМУнун коомчулук менен байланыш жана жаштар саясаты боюнча проректору;<br>3. Болотакунова Гульзат Жолдошбековна – орус филологиясы факультетинин факультеттер аралык орус тилинин практикалык курсу кафедрасынын доценти;<br>4. Каразакова Зувайда Жамиловна – факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасы;<br>5. Касымалиева Максат Шамарбековна – Америка таануу жана котормо кафедрасынын окутуучусу;<br>6. Бакыт кызы Садагүл – ОшМУнун билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинин инспектору; |

**ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА**

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение о «Мониторинге удовлетворенности студента условиями обучения и получением образования в ОшГУ» |
| Документтин теги | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Разработчики | 1. Артыкова Жылдыз Абдисаламовна - директор департамента стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций ОшГУ<br><br>2. Мапаева Нуржамал Абдилажановна – проректор по связи с общественностью и молодежной политике<br><br>3. Болотакунова Гульзат Жолдошбековна – доцент межфакультетской кафедры практического курса русского языка<br><br>4. Каразакова Зувайда Жамиловна – доцент межфакультетской кафедры кыргызского языка<br><br>5. Касымалиева Максат Шамарбековна – преподаватель кафедры американистики и переводоведения<br><br>6. Бакыт кызы Садагүл – инспектор департамента стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций ОшГУ<br>7. Майрамбек уулу Баястан – омбудсмен ОшГУ |

| | |
|---|---|
| | 7. Майрамбек уулу Баястан – ОшМУнун акыйкатчысы; |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2023-жылдын 1-декабрындагы отурумунда талкууланып, жактырылып, № 11 протоколу менен бекитүүгө сунушталган |
| Документтин шифры | Q-2023-0001-001 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул документ ОшМУнун факультеттеринде, институттарында, жогорку мектептеринде, жалпы орто билим берүүчү, гимназияларында, лицейлеринде билим алып жатышкан окуучулардын, студенттердин, магистранттардын ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусун баалоого мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболорун, тартибин аныктап турат. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| 1. Жалпы жоболор | 5-бет |
| 2. Мониторингдин максаттары жана милдеттери | 7-бет |
| 3. Сурамжылоолорду уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби | 8-бет |
| 4. Сурамжылоонун жыйынтыгын чыгаруунун тартиби | 11-бет |

| | |
|---|---|
| Дата утверждения | Обсуждено и одобрено на заседании административного совета ОшГУ 1 декабря 2023 года, рекомендован протоколом №11. |
| Шифр документа | Q-2023-0001-001 |
| Аннотация документа | Настоящий документ определяет процедуры, порядок проведения мониторинга удовлетворенности учащихся, студентов, магистрантов, обучающихся на факультетах, в институтах, высших школах, гимназиях, лицеях ОшГУ условиями обучения и получения образования в ОшГУ. Положение является документом системы обеспечения качества университета. |

| **СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА** | **Страница** |
|---|---|
| Титульный лист | 1 |
| Паспорт нормативного документа | 2 |
| 1. Общие положения Жалпы жоболор | 5 |
| 2. Цели и задачи мониторинга | 7 |
| 3. Порядок организации и проведения опроса | 8 |
| 4. Порядок подведения итогов опроса | 11 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. “Жетекчи менен бир саат” долбоорун уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби | 13-бет | 5. Порядок организации и проведения проекта “ Один час с руководителем” | 13 |
| 6. “Галстуксуз маек” пресс-конференция өткөрүүнүн тартиби | 14-бет | 6. Порядок проведения пресс-конференции с руководителями “Беседа без галстука” | 14 |
| Тиркемелер | 16-бет | Приложения | 16 |
| Тиркеме №1 “Окутуучу студенттин көзү менен” студенттер арасында сурамжылоо | | Приложение №1 Инструмент опроса студентов “Преподаватель глазами студента” | |
| Тиркеме №2 “Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо” сурамжылоо, жыйынтыктарын талдоо инструменти | | Приложение № 2 Инструмент опроса и анализа результатов “Определение показателя академической честности преподавателя” | |
| Тиркеме №3 “Университет окутуучунун көзү менен” сурамжылоо, жыйынтыктарын талдоо инструменти | | Приложение №3 Инструмент опроса и анализа результатов “Университет глазами студента” | |

| | Ош мамлекеттик университети |
|---|---|
| (Документтин шифри) | САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ |
| (Бекитилген датасы) | “Студенттин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө жобо |

**“Студенттердин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө ЖОБО**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Кесиптик билим берүүнүн бардык баскычтарында билим берүү стандарттары, ЖОЖдун ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоонун инструменттери университеттеги сапатты камсыздоо системасынын же билим берүүнүн сапатын башкаруу системасынын негизи болуп эсептелинет. Студенттерди сурамжылоо процедурасы университеттин өзүн-өзү баалоосунун эң маанилүү элементтеринин бири, анткени студенттерден жыйналган маалыматтарды талдоо көйгөйлөрдүн булагын аныктоого, карама-каршылыктардын алдын алууга жана адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында окуу процессин жакшыртуунун жолдорун табууга мүмкүндүк берет.

Ал эми профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүнүн, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын биргелешкен максаттуу иш-чараларынын сапатын баалоо - билим берүү процессинин сапатын камсыз кылуу тутумунун маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Студент билим алуу, болочок тандаган кесибинин ээси болуу максатында - ЖОЖдун негизги кардары. Демек ал педагогикалык жамаат менен биргелешкен

| | Ошский государственный университет |
|---|---|
| (Шифр документа) | ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА |
| (Дата утверждения) | Положение о «Мониторинге удовлетворенности студента условиями обучения и получением образования в ОшГУ» |

**Положение**
**о «Мониторинге удовлетворенности студента условиями обучения и получением образования в ОшГУ»**

1. **Общие положения**

1.1. Образовательные стандарты на всех уровнях профессионального образования, инструменты комплексной оценки деятельности вуза считаются основой системы обеспечения качества или системы управления качеством образования в вузе. Процедура опроса студентов является одним из важнейших элементов самооценки вуза, поскольку анализ данных, полученных от студентов, позволяет выявить источник проблем, предотвратить конфликты и найти пути совершенствования образовательного процесса с целью повышения качества. подготовки специалистов.

Оценка качества деятельности профессорско-преподавательского состава, совместной целевой деятельности всех участников образовательного процесса является важной составляющей системы обеспечения качества образовательного процесса. Студент, нацеленный на получение образования и овладение выбранной пофессией – главное заинтересованное лицо университета. Поэтому как активный участник совместной деятельности с педагогическим коллективом он имеет полное право

| | |
|---|---|
| иш-чаралардын активдүү катышуучусу катары ЖОЖдогу билим берүү процессинин уюштурулушун, ага карата түзүлгөн шарттарды, профессордук-окутуучулук курамды баалоого толук укуктуу.<br>1.2. Ош мамлекеттик университетиндеги (мындан ары - ОшМУ) сапатты камсыздоо системасынын маанилүү маселелеринин бири университеттин факультеттеринде, институттарында, жогорку мектептеринде, жалпы орто билим берүүчү, гимназияларында, лицейлеринде (мындан ары – түзүмдөрүндө) билим алып жатышкан окуучулардын, студенттердин, магистранттардын (мындан ары - студент) ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусун баалоого мониторинг жүргүзүү (мындан ары – мониторинг) болуп эсептелинет. Мониторинг окутуунун бардык формаларында б.а. күндүзгү, сырттан, күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө билим алып жатышкан студенттерге жүргүзүлөт. Мониторинг жүргүзүүдө төмөнкү инструменттер колдонулат:<br>✓ “Окутуучу студенттин көзү менен” сурамжылоо, упайлардын бөлүштүрүлүшү (1-тиркеме);<br>✓ “Университет окутуучунун көзү менен” сурамжылоо, жыйынтыктарын талдоо инструменти (2-тиркеме);<br>✓ “Жетекчи менен бир саат” долбоору ;<br>✓ “Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо” сурамжылоо, жыйынтыктарын талдоо инструменти (3-тиркеме);<br>1.3. Сурамжылоолор ОшМУда билим алып жаткан ар бир студенттин пикирин билүү, ага ылайык тиешелүү жыйынтыктарды алуу максатында электрондук анкета (мындан ары – сурамжылоо) аркылуу, ар бир семестрдин (күзгү, жазгы, жайкы) жыйынтыгы менен жүргүзүлөт. Студенттерге алардын окуу процессинин сапатын баалоого катышуусу жана ушул Жобо жөнүндө маалыматтар | оценивать профессорско-преподавательский состав, организацию учебного процесса в вузе, созданные для него условия.<br>1.2. Одним из важных вопросов системы обеспечения качества в Ошском государственном университете (далее – ОшГУ) является мониторинг удовлетворенности условиями обучения и получением образования в ОшГУ (далее – мониторинг учащихся, студентов, магистров (далее студентов), обучающихся на факультетах, в институтах, высших школах, средних школах, гимназиях, лицеях (далее – структуры). Мониторинг проводится для студентов всех форм обучения: дневной, заочной, вечерней. Для мониторинга используются следующие инструменты:<br>✓ Инструмент опроса, распределения баллов «Преподаватель глазами студента» (Приложение №1);<br>✓ Инструмент опроса и анализа результатов «Университет глазами студента»(Приложение 2);<br>✓ Проект « Один час с руководителем» ;<br>✓ Инструмент опроса и анализа результатов «Определение показателя академической честности преподавателя» (Приложение 3);<br>1.3. Опросы проводятся по итогам каждого семестра (осеннего, весеннего, летнего) посредством электронной анкеты (далее – опросник) с целью выяснения мнения каждого студента, обучающегося в ОшГУ, и принятия соответствующих решений по результатам опросов. Академический советник во время адаптационной недели, организованной в начале первого года обучения, информирует студентов о настоящем Положении и их участии в оценке качества обучения.<br>1.4. Условия эффективного мониторинга:<br>✓ системный подход к мониторингу и сбору данных; |

| | |
|---|---|
| окутуунун биринчи жылынын башында уюштурулган багыт берүү жумалыгында академиялык кеңешчи тарабынан жүргүзүлөт.<br>1.4. Мониторингди эффективдүү жүргүзүүнүн шарттары:<br>✓ Мониторинг жүргүзүүгө, маалыматтарды жыйноого системдик мамиле;<br>✓ Маалыматтарды жыйноону, иштетүүнү, талдоону жана интерпретациялоону камсыздаган санариптик технологияларга негизделген механизм;<br>✓ Мониторинг индикаторлорунун репрезентативдик жыйындысы;<br>✓ Сандык жана сапаттык изилдөө ыкмалары;<br>✓ Купуялуулук, академиялык чынчылдык.<br>1.5. Мониторингди жүргүзүүнүн укуктук-ченемдик негиздери:<br>✓ 2023-жылдын 11-августундагы № 179 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Мыйзамы;<br>✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтому;<br>✓ ОшМУнун Уставы;<br>✓ ОшМУнун “Сапатты камсыздоо саясаты” концепциясы;<br>✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин тиешелүү укуктук-ченемдик документтери, ОшМУнун локалдык-ченемдик документтери. | ✓ основанный на цифровых технологиях механизм, обеспечивающий сбор, обработку, анализ и интерпретацию данных;<br>✓ набор репрезентативных индикаторов мониторинга;<br>✓ количественные и качественные методы исследования;<br>✓ конфиденциальность, академическая честность.<br>1.5. Нормативно-правовая база мониторинга:<br>✓ Закон КР «Об образовании»;<br>✓ Постановление Правительства Кыргызской Республики «О некоторых вопросах в сфере аккредитации образовательных организаций» от 30 марта 2020 года №189<br>✓ Устав ОшГУ;<br>✓ Концепция «Политики обеспечения качества» ОшГУ;<br>✓ Соответствующие нормативно-правовые документы Правительства КР, Министерства образования и науки КР, локальные нормативные документы ОшГУ. |
| **2. Мониторингдин максаттары жана милдеттери**<br><br>2.1. ОшМУда көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын сапаты боюнча студенттердин канааттануусуна мониторинг жүргүзүү билим берүүнүн сапаты чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашыруу боюнча | **2. Цели и задачи мониторинга**<br><br>2.1. Мониторинг удовлетворенности студента качеством образовательных услуг, оказываемых в ОшГУ, является формой контроля за соблюдением требований законодательства |

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткарууну көзөмөлгө алуунун бир формасы болуп саналат.<br><br>Студенттердин университетте билим алуусуна жана билим алуу шарттарына канааттануусунун деңгээли төмөнкү үч багыт боюнча бааланат:<br><br>✓ Окуткан окутуучулардын педагогикалык ишмердиги;<br>✓ Билим берүү программасынын натыйжалуулугу;<br>✓ Университеттеги социалдык, билим алуу жана жашоо шарттары;<br>✓ Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчү.<br><br>2.2. Мониторингдин максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:<br><br>✓ университеттеги билим алуу, өз алдынча өсүп-өнүгүү, жашоо шарттарынын сапатын жогорулатуу;<br>✓ билим алуу процессинин натыйжалуулугун үзгүлтүксүз көзөмөлгө алуу жана башкаруу;<br>✓ студенттердин университетте окуу процессин уюштурууга, башкарууга жана жөнгө салууга катыштыруу, алардын жарандык позициясын жогорулатуу, педагогикалык процессте “кайтарым байланышты» камсыз кылуу;<br>✓ профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары - окутуучу) педагогикалык ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилерин максаттуу түрдө жакшыртуу жана алардын сапатын жогорулатуу үчүн зарыл маалыматтарды жыйноо;<br>✓ университеттин ишин жакшыртууга, окуу ишинин эффективдүүлүгүн, профессордук-окутуучулук курамдын мотивациясын жогорулатууга багытталган иш-чаралардын мазмунун өнүктүрүү. | Кыргызской Республики по реализации политики в области качества образования.<br><br>Уровень удовлетворенности студента условиями обучения и получения образования в вузе оценивается по трем направлениям:<br><br>✓ Педагогическая деятельность преподавателей;<br>✓ Результативность образовательной программы;<br>✓ Социальные, учебные и бытовые условия в университете.<br><br>2.2. Целями мониторинга являются:<br><br>✓ повышение качества образования, саморазвития, условий жизни в университете;<br>✓ постоянный контроль и управление эффективностью образовательного процесса;<br>✓ привлечение студентов к организации, управлению и регулированию учебным процессом в вузе, повышение их гражданской позиции, обеспечение «обратной связи» в педагогическом процессе;<br>✓ сбор информации, необходимой для целенаправленного совершенствования и повышения качества отдельных аспектов педагогической деятельности профессорско-преподавательского состава (далее преподаватель);<br>✓ совершенствование содержания мероприятий, направленных на улучшение работы вуза, повышение эффективности учебной работы, мотивации профессорско-преподавательского состава. |

| | |
|---|---|
| **3. Сурамжылоолорду уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби** | **3. Порядок организации и проведения опросов** |
| 3.1. Сурамжылоолордун мазмуну, б.а. суроолору, жоопторунун мүмкүн болгон варианттары жана бул сурамжылоолордун жыйынтыгы менен тиешелүү окутуучунун упай топтоо жолу атайын жумушчу топ тарабынан ар бир окуу жылынын 15-ноябрына чейин бир жылда бир гана жолу иштелет, толукталат, өзгөртүлөт, студенттерден түзүлгөн фокус группалардын жана окутуучулардын талкуусунан өтөт, университеттин ректору тарабынан бекитилет. Жумушчу топтун курамы 5тен кем эмес мүчөлөрдөн туруп, структура жетекчилеринен, окутуучулардан, студенттик уюмдун өкүлдөрүнөн, студенттерден түзүлөт, ректордун буйругу менен бир жолку иштөөчү жумушчу топ катары бекитилет. | 3.1. Содержание опросов, другими словами, вопросы, возможные варианты ответов, начисление баллов по результатам этого опроса соответствующему преподавателю обрабатываются, дополняются, изменяются только один раз в год до 15 ноября каждого учебного года специальной рабочей группой, обсуждаются фокус-группами студентов и преподавателей, утверждается ректором университета. Состав рабочей группы состоит не менее чем из 5 человек: руководителей структур, преподавателей, представителей студенческой организации, студентов и утверждается приказом ректора в качестве рабочей группы для осуществления деятельности один раз. |
| 3.2. Сурамжылоолор атайын санариптик система аркылуу уюштурулат. Студент электрондук сурамжылоого мобилдик тиркеменин жардамында катышат. ОшМУда билим алып жаткан ар бир студент ушул Жобого ылайык аныкталган сурамжылоолорго катышууга, адилеттүү баа берүүгө, жаралган көйгөйлөрүн, жакшыртуу сунуштарын билдирүүгө милдеттүү жана укуктуу. | 3.2. Опросы организуются через специальную цифровую систему. Студент участвует в электронном опросе с помощью мобильного приложения. Каждый студент, обучающийся в ОшГУ, обязан и имеет право участвовать в опросах, определенных в соответствии с настоящим Положением, давать справедливую оценку, высказывать мнение о возникших проблемах и давать предложения по улучшению. |
| 3.3. **“Окутуучу студенттин көзү менен”** деп аталган сурамжылоо ар бир семестрдин аягында, студент жекече окуу планына ылайык семестр боюнча жыйынтыктоочу сынактарды тапшырып бүткөндөн кийин, кийинки семестрдин биринчи эки жумасында жүргүзүлөт. Бул сурамжылоо атайын санариптик платформанын жардамында тиешелүү семестрде окуткан окутуучулардын педагогикалык ишмердигине студенттин берген баасын, билим алууга канааттануусун аныктайт. “Окутуучу студенттин көзү менен” студенттер арасында сурамжылоонун мазмуну, сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуучунун тиешелүү упайды топтоо жолу бул | 3.3. Опрос «Преподаватель глазами студента» проводится после сдачи студентом итоговых экзаменов за семестр согласно индивидуальному учебному плану в первые две недели следующего семестра. Этот опрос с помощью специальной цифровой платформы определяет удовлетворенность получением образования студентом и его оценку педагогической деятельности преподавателей, обучавших в соответствующем семестре. Содержание опроса «Преподаватель глазами студента», начисление баллов преподавателю по результатам опроса приведены в приложении 1 к настоящему Положению. Ответы студентов, участвовавших в опросе, обрабатываются компьютерной системой, |

| | |
|---|---|
| Жобонун 1-тиркемесинде берилет. Сурамжылоонун жыйынтыгы купуя сакталат, сурамжылоого катышкан студенттердин жооптору компьютердик система аркылуу автоматтык түрдө чогултулуп, жалпыланган жыйынтыктар гана чыгарылат. | выводятся обобщённые результаты. Итоги опроса являются конфиденциальной информацией. |
| 3.4. Окутуучунун академиялык чынчылдыгын, окутуучунун сабактарында билим берүүнүн принциптеринин, баалуулуктарынын сакталышына студенттердин кийлигишүүсүн камсыздоо жана көзөмөлгө алуу, коррупциялык тобокелчиликтердин алдын алуу, жол бербөө, бул багыттагы көйгөйлөрдү аныктоо жана сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде тиешелүү иш чараларды жүргүзүү максатында биринчи окуу жылынын биринчи семестринен башка ар бир семестрдин биринчи эки жумасында **“Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо”** деп аталган сурамжылоо өткөн семестрдин жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт. Сурамжылоонун мазмуну, сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуучунун көрсөткүчүн аныктоо жолу ушул жобонун 2-тиркемесинде берилет. Сурамжылоонун жыйынтыгы купуя сакталат, сурамжылоого катышкан студенттердин жооптору компьютердик система аркылуу автоматтык түрдө чогултулуп, жалпыланган жыйынтыктар гана чыгарылат. | 3.4. В первые две недели каждого семестра, кроме первого семестра первого учебного года, в целях обеспечения и контроля академической честности преподавателя, соблюдения принципов и ценностей образования на занятиях преподавателя, предупреждения и предотвращения коррупционных рисков, выявления проблем в этой области и принятия соответствующих мер проводится опрос «Определение показателя академической честности преподавателя» по итогам прошедшего семестра. Содержание опроса, результаты опроса и пути определения показателя преподавателя приведены в Приложении №2 к настоящему положению. Ответы студентов, участвовавших в опросе, автоматически собираются компьютерной системой, выводятся только обобщённые результаты. Итоги опроса являются конфиденциальной информацией. |
| 3.5. **“FX”** же **“I”** баалары бар студентке академиялык карызы жоюлгандан кийин 10 күндүн ичинде “Окутуучу студенттин көзү менен” жана “Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо” деген сурамжылоолор уюштурулат. | 3.5. Для студента с оценкой «FX» или «I» в течение 10 дней после ликвидации академической задолженности будут организованы опросы «Преподаватель глазами студента» и «Определение показателя академической честности преподавателя». |
| 3.6. Университетте түзүлгөн билим алуу шарттары, окуу процессинин уюштурулушунун эффективдүүлүгү, билим берүү программасынын натыйжалуулугу, сабактан тышкаркы убакытта студенттин өз алдынча өнүгүүсү, ден соолугун чыңдоосу үчүн түзүлгөн шарттар | 3.6. Электронный опрос **«Университет глазами студента»** проводится с целью определения уровня удовлетворенности студента эффективностью организации учебного процесса, результативностью образовательной программы, условиями для получения образования, для саморазвития студента вне занятий, для укрепления его здоровья, выявления проблем и недостатков в перечисленных направлениях и поиска решений их с учетом мнения студентов в конце каждого учебного года до начала экзаменов весеннего семестра. Ответы студентов, участвовавших в данном опросе, автоматически группируются компьютерной системой, полученные отчеты передаются соответствующим кафедрам, ПЦК, |

| | |
|---|---|
| боюнча студенттин канааттануу деңгээлин баалоо, саналган багыттар боюнча көйгөйлөрдү, жетишпестиктерди аныктоо, студенттердин пикирлерин эске алуу менен чечүү жолдорун издөө максатында **“Университет студенттин көзү менен”** деп аталган электрондук сурамжылоо ар бир окуу жылынын аягында жазгы семестрдин сынактары башталганга чейин жүргүзүлөт. Бул сурамжылоого катышкан студенттердин жооптору компьютердик система аркылуу автоматтык түрдө топтоштурулуп, отчеттор алынып, тиешелүү кафедраларга, ПЦКларга, бөлүмдөргө (билим берүү программасын ишке ашырып жаткан тарапка) берилет. Алар жоопторунун негизинде изилдөөлөрдү жүргүзүп, жалпы көйгөйлөрдү аныкташат, чечүү жолдорун иштеп чыгышат, тиешелүү иш-чараларды пландаштырышат, аткарылышын камсыздашат.<br><br>3.7. Сурамжылоолордун уюштурулушун, өткөрүлүшүн координациялоо, студенттерди сурамжылоого катыштыруу, жыйынтыктарын алуу жана ага ылайык иш чараларды мерчемдөө, аткарылышын камсыз кылуу билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан жүргүзүлөт. Бекитилген график боюнча сурамжылоо жөнүндө студенттерди маалымдоо, максаттарын, милдеттерин жана аны уюштуруу ыкмаларын студенттерге түшүндүрүү, сурамжылоону жүргүзүү ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппараты тарабынан ишке ашырылат. | отделам (стороне, реализующей образовательную программу). Они на основе ответов проводят исследования, выявляют общие проблемы, разрабатывают решения, планируют соответствующие мероприятия и обеспечивают реализацию.<br><br>3.7. Координация организации и проведения опроса, участие студентов в опросе, получение результатов, соответственно им планирование и реализацию мероприятий осуществляет департамент стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций. Информирование студентов об опросе, разъяснение студентам его целей, задач и способов организации, проведение опроса осуществляет аппарат студенческого омбудсмена ОшГУ согласно утвержденному графику. |
| **4. Сурамжылоонун жыйынтыгын чыгаруунун тартиби**<br><br>4.1. Сурамжылоолордун жалпыланган аналитикалык отчетторун түзүү билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти тарабынан жүргүзүлөт жана ректорго, окуу иштери боюнча | **4. Порядок подведения итогов опросов**<br><br>4.1.Обобщенные аналитические отчеты опросов составляются департаментом стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций и представляются |

| | |
|---|---|
| проректорго изилдөө аяктаган күндөн тартып 20 күндөн ашпаган мөөнөттө берилет.<br><br>4.2. Белгилүү бир дисциплинаны окутуу боюнча ачык суроолорго же комментарийлерге жооптор билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаменти, тиешелүү окутуучу, тиешелүү түзүмдүн жетекчиси, окуу иштери боюнча проректор жана ректор тарабынан гана берилет.<br><br>4.3. Автоматташтырылган системаларды киргизүүнү, техникалык колдоону, түрдүү отчетторду алууну, суроолорго жоопторду даярдоону ишке ашырып жаткан тиешелүү кызматкерлер социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын купуялуулугун сакташат, купуялуулуктун сакталышына жооптуу болушат.<br><br>4.4. ОшМУнун төмөнкү кызматкерлери сурамжылоолордун жыйынтыктары менен тааныша алышат, мында жооптордун, комментарийлердин, суроолордун ким тарабынан берилгендиги аныкталбайт:<br>✓ тиешелүү окутуучу;<br>✓ тиешелүү кафедра, бөлүм башчысы, ПЦК жетекчиси;<br>✓ факультеттин деканы, институттун, жогорку мектептин, колледждин директору;<br>✓ билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинин кызматкерлери;<br>✓ окуу иштери боюнча проректор;<br>✓ ректор.<br><br>4.5. Сурамжылоонун жыйынтыктарын мугалим өзү талдайт, ал студенттердин нааразычылыгынын себептерин (эгерде нааразычылыктар болсо) аныктап, ага ылайык педагогикалык | ректору и проректору по учебной работе в течение не более 20 дней со дня завершения опроса.<br><br>4.2. Ответы на открытые вопросы или комментарии по преподаванию определенной дисциплины даются департаментом стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций, соответствующим преподавателем, руководителем соответствующей структуры, проректором по учебной работе и ректором.<br><br>4.3. Ответственность за сохранение конфиденциальности результатов социологического исследования несут соответствующие сотрудники, осуществляющие внедрение автоматизированных систем, техническую поддержку, получение различных отчетов, подготовку ответов на вопросы.<br><br>4.4. Следующие сотрудники ОшГУ могут ознакомиться с результатами опросов, при этом не указывается, кем были даны ответы, комментарии, вопросы:<br>✓ соответствующий преподаватель;<br>✓ соответствующая кафедра, руководитель отдела, руководитель ПЦК;<br>✓ декан факультета, директор института, высшей школы, колледжа;<br>✓ сотрудники департамента стратегического планирования по развитию качества образования, исследований, инноваций;<br>✓ проректор по учебной работе;<br>✓ ректор.<br><br>4.5. Результаты опроса анализирует сам преподаватель, которому необходимо выявить причины неудовлетворенности студентов (если есть недовольства) и в соответствии с ними разработать систему мер по улучшению педагогической деятельности. Кроме |

| | |
|---|---|
| ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча чаралардын системасын иштеп чыгууга тийиш. Мындан тышкары, сурамжылоонун жыйынтыктары окуу иштери боюнча проректордун, сапат менеджментин ишке ашырып жаткан түзүмдүн жетекчисинин, декандардын, директорлордун, кафедра башчысынын, ПЦК жетекчисинин жыйналыштарында талкууланып, кадрдык чечимдерди кабыл алуу үчүн пайдаланылат. Сурамжылоонун жалпыланган жыйынтыктары окутуучунун конкурстан өтүүсү, окутуучунун рейтинги, ошондой эле окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, кайра даярдоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн негиз болот. | этого, результаты опроса обсуждаются на собраниях деканов, директоров, заведующего кафедрой, руководителя ПЦК, руководителя структуры, осуществляющей менеджмент качества, проректора по учебной работе и используются для принятия кадровых решений. Обобщенные результаты опроса являются основой для прохождения преподавателем конкурса, рейтинга преподавателя, а также для разработки и реализации мероприятий по повышению квалификации, переподготовке преподавателей. |
| 4.6. “Окутуучу студенттин көзү менен” деп аталган сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуучунун топтогон упайы (ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык) анын ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингиндеги позициясын аныктоого таасирин тийгизет ( “ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтинги жөнүндө жобо”). | 4.6. Баллы, набранные преподавателем по результатам опроса «Преподаватель глазами студента» (согласно приложению 2 данного Положения) влияют на определение его позиции в годовом рейтинге профессорско-преподавательского состава ОшГУ («Положение о годовом рейтинге профессорско-преподавательского состава ОшГУ»). |
